ОшМУнун математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун Окумуштуулар кеңешинин кезектеги отурумунун

**№1 ПРОТОКОЛУ**

11-сентябрь, 2025-жыл.

Төрага Б.А. Азимов

Окумуштуу катчы З.Ж. Мурзакматова

Катышкандар: Окумуштуулар кеңешинин 47 мүчөсүнөн 36 мүчөсү катышты.

***Күн тартиби:***

1. 2025-2026-окуу жылына карата математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун Окумуштуулар кеңешинин, окуу-усулдук, тарбиялык, илимий иштеринин ж.б. иш пландарын бекитүү *(Баяндамачы: МФТИТ институтунун директору, ф.-м.и.к., доцент Азимов Б.А.);*
2. Ар түрдүү маселелер.

**Угулду**: МФТИТ институтунун директору, доцент Б.А. Азимов күн тартиби боюнча каралуучу маселелер менен тааныштырып, колго салды. Окумуштуулар кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту. Регламент боюнча 1-маселеге 8-10 минутага чейин жана ар түрдүү маселелер боюнча 3-5 минутага чейин убакыт, ал эми талкууларга 3-5 минутага чейин убакыт берүү сунушу түштү. Сунуш толугу менен колдооого алынды.

**1-маселе**

**Угулду:** *Азимов Б.А. (институттун директору, доцент):* 2025-2026 - окуу жылына карата институтубуздун директордун орун басарлары, структура башчылары жана бардык кафедраларынын иш пландары даярдалып, кафедралардын чечимдери менен бекитилген. Алардын негизинде институттун Окумуштуулар кеңешинин иш планын түзүлдү. Бул иш план алдын ала кафедраларга таркатылган кошумча сунуш пикирлердин негизинде жасалды. Ошондуктан, 2025-2026-окуу жылына карата иш пландарды бекитүүнү сунуштайм жана добушка коём.

Окумуштуулар кеңешинин биринчи отуруму боюнча математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун директору, ф.-м.и.к., доцент Б.А. Азимовдун билдирүүсү, талкуулоонун жана сунуштардын негизинде Окумуштуулар кеңеши **ТОКТОМ** кылат:

1. 2025-2026-окуу жылына карата математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун Окумуштуулар кеңешинин иш планы бекитилсин;
2. 2025-2026-окуу жылына карата математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун окуу-усулдук, тарбиялык, илимий иштер, эл аралык байланыштар жана кафедралардын иш пландары бекитилсин;
3. Окуу жылынын ичинде өндүрүштүк зарылчылыкка байланыштуу иш планга айрым өзгөрүүлөр директордун буйрутмасы менен киргизилсин.

**Ар түрдүү маселелер.**

а) Сучжоу университетинде мехатроника жана электр инженерия факультетинин профессору Zhenhua Wangды “ОшМУнун Ардактуу профессору” наамына сунуштоо.

*Угулду: Б.А. Азимов (институттун директору, доцент):* өзүңүздөргө белгилүү учурда ОшМУнун өнөктөшү Кытай Эл Республикасынын Сучжоу университетинде мехатроника жана электр инженерия факультетинин профессору Zhenhua Wangды “ОшМУнун Ардактуу профессору” наамына сунуштоо маселеси каралып жатат.

*Кесиптик тажрыйбасы:*

1997-август-2000-август Харбин Heilongjiang байланыш жабдуулары фабрикасынын инженери;

2003-апрель – 2009-декабрь Харбин Харбин политехникалык университетинин робототехника институтунун лектору;

2010-январь-2016-июнь Сучжоу университетинин мехатроника жана электр инженерия факультетинин доценти, магистр жетекчиси;

2013-декабрь-2014-декабрь Гонконг Кытай университетинин конок изилдөөчүсү;

2016-июль-азыркыга чейин Сучжоу университетинин мехатроника жана электр инженерия факультетинин профессору, Ph.D. жетекчиси болуп эмгектенип келет.

Zhenhua Wangды “ОшМУнун Ардактуу профессору” наамына сунуштаймын жана колдоп берүүңүздөрдү суранам.

*А.О. Абдувалиев (КИИК кафедрасынын доцентти, ф.-м.и.к.):* жакшы сунуштоо болуп жатыптыр, өзүбүзгө белгилүү болгондой учурда ОшМУга жогорку деңгээлдеги инвестиция тартуулап, чоң көлөмдөгү лобаротория ачып, эки жактуу кызматташуу жүрүп жатат. Мен жогорудагы сунушту колдоймун.

*Б.А. Азимов (институттун директору, доцент):* Анда ушул сунушту добушка коемун.

Жогоруда берилген маалыматтардын, талкуунун негизинде Окумуштуулар кеңеши сунушту бир добуштан колдоп, **ТОКТОМ** кылат:

1. Профессор Zhenhua Wang “ОшМУнун Ардактуу профессору” наамына сунушталсын;
2. Бул чечимди колдоп берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кенешинен суралсын.

б) Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун алгебра жана геометрия кафедрасынын доценти, ф.-м.и.к. изденүүчү Борбоева Гулниса Маматкановнанын доктордук диссертациясынын темасын өзгөртүү.

*Б.А. Азимов (институттун директору, доцент):* алгебра жана геометрия кафедрасынын изденүүчү ф.-м.и.к., доцент Г.М. Борбоеванын доктордук диссертациясынын темасын өзгөртүү боюнча сунуш келип түшкөн жана илимий кеңешчиси ф.-м.и.д., профессор, КРнын УИАнын мүчө корреспондентти Г. Матиеванын макулдугу бар. Акыркы убактарда алынган илимий изилдөөнүн жыйынтыктарынын негизинде Г.М. Борбоеванын 2023-жылы кайра бекилген “Окутуунун заманбап технологияларынын жардамында болочок математика мугалимдеринин мейкиндик ой жүгүртүүсүн калыптандыруунун илимимий-дидактикалык негиздери” (13.00.02 - математика) аталышындагы доктордук диссертациясынын темасын изилдөөнүн объектиси, урунттуу сөздөрү жана илимий кеңешчиси сакталуу менен “Окутуунун заманбап технологияларынын жардамында болочок математика мугалимдеринин мейкиндик ой жүгүртүүсүн өркүндөтүүнүн илимимий-дидактикалык негиздери” (13.00.02 - математика) аталышындагы темага өзгөртүү сунушун колго саламын.

Макул-36, каршы-жок, калыс-жок.

Окумуштуулар кеңешинин бардык мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошту жана **ТОКТОМ** кылды:

1. Борбоева Гулниса Маматкановнанын илимий кеңешчиси катары ф.-м.и.д., профессор, КРнын УИАнын мүчө корреспонденттти Г. Матиева өзгөрүлбөстөн сакталып, “Окутуунун заманбап технологияларынын жардамында болочок математика мугалимдеринин мейкиндик ой жүгүртүүсүн калыптандыруунун илимимий-дидактикалык негиздери” (13.00.02 - математика) аталышындагы доктордук диссертациясынын темасы изилдөөнүн объектиси, урунттуу сөздөрү сакталуу менен “Окутуунун заманбап технологияларынын жардамында болочок математика мугалимдеринин мейкиндик ой жүгүртүүсүн өркүндөтүүнүн илимимий-дидактикалык негиздери” (13.00.02-математика) аталышындагы темага өзгөртүлсүн;
2. Бул сунушту колдоп берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

в) Асилбеков Тынчтыкбек Майрамбековичтин “05.13.06 – Автоматизация и управление технологическими процессами и производствами (по отраслям) и 05.13.16 – Применение вычислительной техники, математического моделирования и математических методов в научных исследованиях (по отраслям) адистиктери боюнча «Разработка программного обеспечения веб системы основанное на базе знаний и мультимодальных данных прикладных задач для моделирования и прогнозирования на основе машинного и глубокого обучения» аттуу диссертациялык ишинин темасын бекитүү жана илимий жетекчиликке Ж. Баласагын атындагы КУУнун профессору, ф.-м.и.д. Б.Р. Сабитовту дайындоо маселесин ОшМУнун Окумуштуулар кеңешине сунуштоо жөнүндө.

*Б.А. Азимов (институттун директору, доцент):* ОшМУнун Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинин окутуучусу Асилбеков Тынчтыкбек Майрамбекович “05.13.06 – Автоматизация и управление технологическими процессами и производствами (по отраслям) жана 05.13.16 – Применение вычислительной техники, математического моделирования и математических методов в научных исследованиях (по отраслям) адистиктери боюнча «Разработка программного обеспечения веб системы основанное на базе знаний и мультимодальных данных прикладных задач для моделирования и прогнозирования на основе машинного и глубокого обучения» аттуу диссертациялык ишинин темасын бекитүү жана илимий жетекчиликке Ж. Баласагын атындагы КУУнун профессору, ф.-м.и.д. Б.Р. Сабитовту дайындоо меселеси боюнча билдирүү келип түштү.

*Ж.А. Кудуев (АССТ кафедрасынын башчысы, доцент):* окутуучу Т.М. Асилбеков “05.13.06 – Автоматизация и управление технологическими процессами и производствами (по отраслям) жана 05.13.16 – Применение вычислительной техники, математического моделирования и математических методов в научных исследованиях (по отраслям) адистиктери боюнча ОшМУнун изденүүчүсүнө тапшырууга даярданып жатат. Кандидаттык диссертациясынын темасы: «Разработка программного обеспечения веб системы основанное на базе знаний и мультимодальных данных прикладных задач для моделирования и прогнозирования на основе машинного и глубокого обучения». Бул багыттагы маселелер актуалдуу жана илимий жетекчиси Ж. Баласагын атындагы КУУнун профессору, ф.-м.и.д. Б.Р. Сабитовтун илимий мектебинин алкагында көп изилдөөлөр ийгиликтүү жүргүзүлүп келет. Мындан ары да бул тармакта илимий изилдөө жумуштарын өнүктүрүү зарыл, ошондуктан бул сунушту колдоп берсеңиздер.

Макул-36, каршы-жок, калыс-жок.

Окумуштуулар кеңешинин бардык мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошту жана **ТОКТОМ** кылды:

1. Асилбеков Тынчтыкбек Майрамбековичтин “05.13.06 – Автоматизация и управление технологическими процессами и производствами (по отраслям) и 05.13.16 – Применение вычислительной техники, математического моделирования и математических методов в

научных исследованиях (по отраслям) адистиктери боюнча «Разработка программного обеспечения веб системы основанное на базе знаний и мультимодальных данных прикладных задач для моделирования и прогнозирования на основе машинного и глубокого обучения» аттуу диссертациялык ишинин темасын бекитүү жана илимий жетекчиликке Ж. Баласагын атындагы КУУнун профессору, ф.-м.и.д. Б.Р. Сабитовту дайындоо маселесин ОшМУнун Окумуштуулар кеңешине сунуш кылынсын;

2. Бул сунушту колдоп берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

д) Информациялык системалар жана программалоо кафедрасынын доценти, ф.-м.и.к. Абдирайимова Назигай Абдинабиевнанын доктордук диссертациясынын темасын жана илимий кеңешчисин бекитүү жөнүндө.

**Угулду:** Абдирайимова Назигай Абдинабиевнанын илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүндөгү, аткарган иштери жөнүндөгү кыскача баяндамасы угулду.

*Б.А. Азимов (институттун директору, доцент):* бул маселе боюнча МИОТжББМ кафедрасынан билдирүү келип түштү. Мында Абдирайимова Назигай Абдинабиевнанын доктордук диссертациясынын темасын жана илимий кеңешчисин бекитип берүү суралган. Илимий кеңешчисинин макулдугу жана кафедранын кеңешмесинин баянынын көчүрмөсү бар. Абдирайимова Назигай Абдинабиевнанын илимий кеңешчиси жана илимий темасы такталган:

- илимий кеңешчиси: математиканы, информатиканы окутуунун технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент кафедрасынын башчысы, п.и.д., профессор Келдибекова Аида Осконовна;
- илимий темасы: “Дидактические основы подготовки студентов физико-математического направления к проектной деятельности с использованием методов искусственного интеллекта” (“Физика-математика багытындагы студенттерди жасалма интеллекттин ыкмаларын пайдалануу менен долбоордук ишмердүүлүккө даярдоонун дидактикалык негиздери”)

Доцент Абдирайимова Назигай Абдинабиевнанын илимий кеңешчиси катары п.и.д., проф. А.О. Келдибекованы жана 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы жана методикасы адистиги боюнча “Дидактические основы подготовки студентов физико-математического направления к проектной деятельности с использованием методов искусственного интеллекта” аталышындагы илимий темасын бекитип берүү сунушун Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүнө колго салам.

Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошту.

**Ч Е Ч И М:**

1. Информациялык системалар жана программалоо кафедрасынын доценти, ф.-м.и.к. Абдирайимова Назигай Абдинабиевнанын 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы жана методикасы адистиги боюнча “Дидактические основы подготовки студентов физико-математического направления к проектной деятельности с использованием методов искусственного интеллекта” аталышындагы илимий темасы бекитилсин жана илимий кеңешчиси болуп п.и.д., проф. А.О. Келдибекова дайындалсын;
2. Жогорудагы чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Б.А. Азимов

Окумуштуу катчы З.Ж. Мурзакматова